УДК 297.4

[1]**Закиров М.А.** т.и.к., ага и.к.
[2]**Сабиров Р.К.** т.и.к., доцент

**Закиров М.А.**
кандидат исторических наук, старший научный сотрудник
**Сабиров Р.К.**
кандидат исторических наук, доцент

**Zakirov M.A.**
candidate of historical sciences, senior researcher
**Sabirov R.K.**
candidate of historical sciences, associate professor

# ЭШЕНДЕР: БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ТАРИКАТТАРДЫН РУХАНИЙ ЖЕТЕКЧИЛЕРИ

# ИШАНЫ: ДУХОВНЫЕ РУКОВОДИТЕЛИ СУФИЙСКИХ ТАРИКАТОВ ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ

# ISHANS AS SPIRITUAL LEADERS OF SUFI ORDERS IN CENTRAL ASIA

*[1]КР Президентине караштуу Улуттук илимдер академиясы,*
*Б.Жамгырчынов атындагы Тарых, археология жана этнология институту*
*[2]Б.Т.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы*

*[1]Национальная академия наук при Президенте Кыргызской Республики,*
*Институт истории, археологии и этнологии им. Б. Жамгырчинова*
*[2]Кыргызская государственная академия физической культуры и спорта им. Б. Т. Турусбекова*

*[1]National Academy of Sciences under the President of the Kyrgyz Republic,*
*Institute of History, Archeology and Ethnology named after. B. Zhamgyrchinova*
*[2]Kyrgyz State Academy of Physical Culture and Sports named after. B. T. Turusbekova*

**Аннотация.** Макалада Борбордук Азия аймагындагы тарикаттарда маанилүү орун ээлеген эшендер, бул терминдин келип чыгышы, анын мааниси талдоого алынат. Андан сырткары, тарикаттардагы эшендердин руханий жетекчилик функциялары, алардын муриддерди тарбиялоо, коомдук-диний турмуштагы орду жана тарикаттардын айрым маселелери тарыхый булактардын негизинде изилденет. Эшендер аймактагы ислам дининин жайылышында жана анын руханий маданияттын калыптанышында маанилүү роль ойногону белгиленет.
**Негизги сөздөр:** эшен, тарикат, суфизм, муршид, мурид, иршад, Борбордук Азия, ислам, руханий жетекчилик.

**Аннотация.** В статье анализируются ишаны, занимающие важное место в тарикатах Центральноазиатского региона, происхождение данного термина и его значение. Кроме того, на основе исторических источников исследуются духовно-наставнические функции ишанов в тарикатах, их роль в воспитании мюридов, место в общественно-религиозной жизни, а также некоторые вопросы, связанные с деятельностью тарикатов. Отмечается, что ишаны сыграли важную роль в распространении ислама в регионе и в формировании его духовной культуры.
**Ключевые слова:** ишан, тарикат, суфизм, муршид, мюрид, иршад, Центральная Азия, ислам, духовное наставничество.

**Abstract.** The article analyzes the eshens, who occupy an important place in the tariqas of the Central Asian region, as well as the origin and meaning of this term. In addition, based on historical sources, the study examines the spiritual leadership functions of eshens in the tariqas, their role in educating murids, their place in socio-religious life, and several issues related to the activities of the tariqas. It is emphasized that eshens played an important role in the spread of Islam in the region and in the formation of its spiritual culture.

**Keywords:** Ishan, tariqa, Sufism, murshid, murid, irshad, Central Asia, Islam, spiritual leadership.

Борбордук Азия аймагы тарыхый жактан ислам маданиятынын жана суфийлик салттардын калыптанган жана өнүккөн борборлорунан болгон. Исламдын Түркстанда таралуусу менен бирге билим берүү, руханий тарбия жана тарикатттар калыптанып, тасаввуф илими өнүгүп, акырындык менен коомдук турмушта маанилүү орунга чыккан. Аймактагы тарикаттардын калыптануусунда жана бекемделүүсүндө эшендер өзгөчө орунду ээлешкен. Тарикат жетекчилери аймактарда түрдүү аталыштар менен аталган (Шайх, Пир, Баба (Ата), Эшен) [11]. Түркстан аймагында тарикаттардын руханий жетекчилерин, муршиддерди – "Эшен" деп аташкан.

Эшендер тарикат жолуна түшкөн муриддерге диний билим, айрыкча тасаввуф илимин үйрөтүшүп, руханий жактан тарбиялап, жол көрсөтүү милдетин аткарышкан. Эшендер исламий илимдерди терең билген аалымдар эле болбостон, коомдук турмушта таасирдүү инсандар да болушкан.

Борбордук Азиядагы тарикаттардын өнүгүшүндө белгилүү муршиди-камилдердин, пирлердин кызматтары күчтүү болгон. Алардын катарында Кожо Абдухалик Гиждуани, Бахауддин Накшбанди жана Кожо Ахрар Вали сыяктуу көрүнүктүү инсандар бар. Бул аалымдардын руханий тарбиялары аркылуу аймакта тарикаттар калыптанып, өнүгүүгө ээ болгон.

Макалада эшен түшүнүгүнүн келип чыгышы (этимологиясы), эшендердин Борбордук Азиядагы суфий тарикаттарындагы орду талдоого алынды. Бир эле мезгилде эшендердин коомдук-диний турмуштагы ролу, алардын макамы ж.б. маселелер да каралды. Маселени изилдөө аркылуу аймактагы ислам дининин тарыхын жана сопучулукту өзгөчөлүктөрүн терең аңдап билүүгө шарт түзүлөт.

"Эшен" сөзү фарси тилинен которгондо "алар" ("ыйык адамдар") деген маанини түшүндүрөт. Кээ бир булактарда эшен деген сөз Борбордук Азияда 6-7 кк., ал эми башкаларда 11 к. пайда болгон деп айылат. Аймакка дин жеткирген, исламий, тасаввуф илим ээсин же шайхты ушундай атай баштаган. Андан сырткары, көпчүлүк мусулмандардын ыйык, кадырлуу, урматтуу адамдардын (шайхтардын) аттарын алардын алында атабай эшендер (алар) деп айта башташкан. Демек, эшен деген сөз сылык мааниде эле эмес, диний этикеттин негизинде да колдонулган, башкача айтканда, исламдагы ыйык адамдарды эшен деп атай башташкан деген божомолдор бар.

Карапайым калк тарикат башчыларын өз аттары менен атоо кооптуу деп эсептешкен. Ошондуктан муриддер – муршиддерди эшендер, олуялар, улук заттар, пирлер деп аташкан.

Тарыхый даректерге таяна турган болсок эшен сөзү эң алгачкы жолу белгилүү тарикат пири Бахауддин Накшбанди пирлердин (1318-1389-жж.) жана Кожо Ахрар Валинин (1404–1490-жж.) жана өмүр таржымалын жазууда колдонулган.

Убакыттын өтүшү менен эл аарсында эшендердин балдарын, шакирттерин да эшен, пирлер деп айта башташкан. Пир деген сөздүн мааниси насаатчы, жол көргөзүүчү дегенди түшүндүрөт. Иш жүзүндө, эшен – бул даража болгон. Эшен макамы же даражасы укумдан тукумга берилбейт, ал тарикат жолунда жүргөн, илимдүү муриддерге пирлери тарабынан ыйгарылып келинген. Ал үчүн белгилүү бир талаптар, аткарылуучу тапшырмалар жана өзгөчө сыпаттар талап кылынган. Муриддер Алла ыроологон олуялык сыпатка ээ болушу, Куран жаттап, шариат, тасаввуф илимдерин жакшы өздөштүрүүсү жана басират көзүнүн ачылуусу шарт болгон. Ушундай талаптарга жооп берген мурид гана муршиден иршад (ижазат) алып, өз алдынча муриддерди даярдоо укугуна ээ болгон. Тагыраак айтканда, тарикаттын бир бутагын жетектеп калган [11].

Эшен даражасы муундан-муунга өтүп келген учурлар да болгон. Мисалы, Өзбекстандын Самарканд, Наваи, Кашкадарыя облустарында теги эшендерден болгон эшен, эшенбабалар атуу үй-бүлөлөр кездешет. Алар өздөрүн Мухаммад пайгамбардын урпактары катары эсептешет. Алардын кээ бирлери пайгамбардын эң жакын сахабасы халиф Абу Бакрдын урпактары болушкан.

*Алиназар Эгамназаровдун "Сиз билген Дукчу эшен" (Ташкент, 1994) аттуу китебинде тарикат, эшендер жөнүндө бир топ кызыктуу материалдарды баяндайт. Анда Дукчу эшен илимдүү, аалым инсан болгондугу, муриддерди тарбиялоо боюнча китептерди жазгандыгын айтат. Мисалы,* Дукчу эшендин «Манокибинде» (китебинде) төмөндөгүдөй маалымат берилген: "Сак болгула, акыркы мезгилдерде эшендик наамды мурас жолу менен алып калган эшендердин саны көбөйдү. Эгер бир аңкоо адам келип, аларга ат тартуу кылса, алар ошол замат аны өздөрүнө мураскер деп жарыялап коюшат. Жараткандын алдында эч кандай сообу жок, шейхтен мактоо да, насыйкат да албаган адамдар алардан оолак болсун.

Ал эми Азирети Пайгамбар мындай деген: «Коом кимди урматтаса, ал ошол коомдон». Эшендин илиминен жана тафаккур жолунан даам таткандар, коомдук-диний катмарда «макам ээси» катары эсептелгендер, анын валийлик касиетине ишенип, илимине ыраазы болушкан. Ошол илим аркылуу мурид (шакирт) руханий тарбия алып, тасаввуф жолунда кемелдикке (камалатка) жетүүгө умтулган» [15].

Борбордук Азиядагы суфий тарикаттарында жетекчилердин татаал тепкичтери болгон. Бул тепкичтер бир жагынан суфий жамааттарын башкаруу түзүмүнө, экинчи жагынан болсо адамдардын келип чыгуусу боюнча тектүү, кадыр-барктуулугуна карап аныкталган. Эшен даражасы тарикаттардын түрдүү жетекчилерине берилген, иш жүзүндө алардын руханий даражалары ар түрдүү болгон. 1. Бардык тарикаттардын башчысын, тарикатты жетектөөчү түз мураскор же тарикатты негиздөөчүнүн мураскорунун улуусун эшен (пир, пирзада) деп аташкан. 2. Айрым аймактардагы тарикаттардын бир бутагынын жетекчилери, же бүт тарикаттын башчысын же анын кичүү мураскорун эшен деп аташкан. 3. Эшендердин жер-жерлердеги өкүлдөрүн калпа (халифа) деп аташкан.

Болжолдуу түрдө XIV к. баштап Борбордук Азияда тарикаты пирлеринин макулдугу менен эшендик даража мурас катары муундан-муунга өткөрүп бериле баштаган. XV–XVI кк. тарикаттар акырындык менен коомдогу руханий эле эмес, социалдык-саясий жараяндарга да таасир тийгизе баштаган [9].

Борбордук Азия аймагында йассавия жана нахшбандия тарикаттары, алардын ири шайхтарынын урпактары коомдук турмушта чон ролду ролду ойношкон. Ал эми башка үй-бүлөлөр же тарикаттар (шайхтардын урпактары) аймак же шаар деңгээлинде гана кадыр-баркка ээ болушкан.

Азыркы мезгилде эшендердин урпактары кеңеш бийлигинин атеисттик саясатынан улам эл менен аралашып кетишкен жана алардын мурдагыдай коомдогу таасири азайган. Бирок, эшендердин урпактары коомчулукта урмат-сыйга ээ болуп, диний жана турмуштук иш-чараларга жигердүү катышып келишет.

Түркстан аймагынын айрым жерлеринде эшендер өз тайпасына гана кыз беришип, уул үйлөшкөн. Мындай салт пайгамбардын урпактары –сайийдд, кожолордо гана кездешкен. Мисалы, Баткен районунун Паски-Арык, Самаркандек айылдарында эшензадалар жашашат. Алардын келип чыгуусу Мухаммад пайгамбарга жана белгилүү эшендерге (шайхтарга) барып такалат. Аларды эл арасында максымдар [9] же эшендер, пирлер деп аташат. Карапайым калк эшензадаларды (максымдарды) биздин пирлерибиз деп да аташат. Бирок, иш жүзүндө алар эчак эле тарикат жолун унутуп, кылымдар бою сакталып келе жаткан силсаланы, илимди жоготушкан. Борбордук Азиянын кайсыл аймагында болбосун эшендердин урпактары, бийликтин катаал саясатына карабай коомчулукта өзгөчө артыкчылыктуу катмар катары каралып, кадыр-баркка ээ болушкан [17].

Борбордук Азиядагы тарикаттар менен эшендерди бирдей, бир призмада кароо зарыл. Мурунку мезгилдердеги изилдөөлөрдө суфизм менен эшендикти өзүнчө, бири-биринен айырмаланган көрүнүш катары баалашкан. Кеңеш мезгилиндеги окумуштуулардын пикиринде суфизм бул терең философиялык, диний окуу. Ал эми эшендер – алардын

пикиринде негизинен оорулууларды дарылоо (экзорцизм), тумар жасоо жана таратуу, ошондой эле жамааттык зикрлерди (жахр) уюштуруу ж.б. функциялар менен чектелген. Мында эң башкысы муршиддер менен муриддердин ортосундагы мамиле чоң мааниге ээ [9].

Илим күчтүү мезгилде иршад алган эшендер көп болуп, башкы тарикаттар менен болгон байланыш акырындап алсырай берген. Натыйжада, иршад алган эшендер өз алдынча кичи тарикаттарды жетектеп, муриддерди даярдап, жаңы тарикат бутакчаларын негиздөөчүлөрдөн болуп калышкан. Түркстан аймагында эшендердин басымдуу бөлүгү айыл-кыштактарда жашашкан, ошондуктан айрым окумуштуулар бул көрүнүштү "Айылдык суфизм» деп аташкан. Бирок, бул пикирди көпчүлүк окумуштуулар колдоого алышпайт. Аймактагы эң ири эшендер (шейхтер) шаар турмушунан, азгырыктарынан оолак болуу үчүн айылдарда жашап, жер иштетип, чарба жүргүзүп, өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүп келишкен. Алардын катарында белгилүү аалым, муршиди-камил Бахауддиин Нахшбанди олуя да болгондугун белгилеп кетүү зарыл.

XIX к. аягында аймактагы колониалдык Орусия бийлиги Түркстан аймагындагы бүт эшендердин тизмесин түзүп, алардын санын тактап чыгышкан. Расмий статистикага келип чыгышы боюнча эл арасында эшендер деп айтылып жүргөндөр киргизилген эмес.

Эшендердин эл арасында кадыр баркынын күчтүү болушу Орус колониалдык бийлигин чочулаткан жана алар акырындык менен ислам динин, аны менен катар эшендердин, тарикаттардын коомдук турмуштагы таасирин басаңдатууга аракет жасашкан. Эшендердин айрымдары өз мезгилинде ислам динин, элдин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн инсандар болушкан, ошондуктан колониалдык бийлик аларды өз душмандары, сырткы күчтөрдүн союздаштары катары карашкан. Мисалы, 1830-1850-жж. Кавказ элдеринин эркиндигин сактап калуу үчүн орустар менен согушкан имам Шамил өз кезегинде аймактагы Нахшбандия тарикатынын мушиди болгон (эшен). Ал эми Курбанмурад эшен 1880–1881-жж. Гёкдепедеги түркмөн-орус согушунда элдик күрөштү жетектеген[6]. Белгилүү болгондой, 1898-ж. Анжиян көтөрүлүшүн Мухаммад-Али-калпанын (эл арасында Дукчу-эшен) жетекчилик кылышы бийликтин эшендерге каршы саясатынын күчөшүнө өбөлгө түзгөн[7].

Кеңеш бийлиги да тарикатттарды, эшендерди бийликтин душмандары катары карашкан. Бийликтин катуу кысымына туруштук бере албай эшендердин көпчүлүгү, ислам аалымдары, диний окулдөрү чет мамлекеттерге көчүп кетүүгө аргасыз болушкан [6]. Кеңеш мезгилинде тасаввуф адабияттары дээрлик жок кылынган. Коммунисттер алардын айрымдарын борбордук архивдерге, китепканаларга алып кетишкен, ал эми калгандарын өрттөп салышкан.

1961-ж. бийликтин басымы астында Орто Азия жана Казакстан Муфтияты расмий түрдө сопучулукту айыптап, эшендерге каршы күрөшүү керектиги жөнүндө чечим кабыл алган. Бул мезгилде Н.Хрущевдун атеисттик саясаты күчөп аймактагы көптөгөн исламий эстеликтер, имараттар талкаланган, алардын ичинде тарикат пирлеринин, ыйык олуялардын күмбөздөрү жок кылынган.

Союз ырыдаган соң диний эркиндик берилип, эшендерге болгон мамиле өзгөргөн. Бирок, аларды саны өтө аз болгон жана мурдагыдай илимдүү муршиди-камилдер жокко эсе болгон. Бүтүндөй Борбордук Азия боюнча болгону 3,4 гана ири эшендердин атын атоого болот. Жогоруда айтылгандай 1880-жж. Түркстан аймагында эшендердин саны 750 жакын болгон болсо, 100 жылдан соң бул көсөткүч 3-4 гана түзүп калган. Самаркант, Сырдарыя облустарында эле 170 тен ашуун, ал эми Ташкент шаарынын өзүндө 50 ашуун эшен болгон.

Борбордук Азия аймагынын тургундары, айрыкча элет жердегилер азыркы мезгилде да эшендердин урпактарына урмат-сый менен мамиле жасашат. Мурунку мезгилдерден айырмаланып, максымдар, эшензадалар коомдук-саясий жана диний турмушта маанилүү ролду ойношпойт [5].

Эшендер жөнүндөгү бул изилдөөдө биз Кокон хандыгы доорундагы Бек эшен жөнүндө оозеки маалыматтарга көңүл бурабыз. Базар-Коргон районунун Гөлөгөн-Арык (Коткор) айылынын тургуну, райондун имам-хатибинин орун басары Таир максымдын айтымында алардын чоң аталары болуп

эспетелген Бек эшен ата Кокон хандыгын башкарган Умар хандын чоң уулу болгон. Кудаяр хандын мезгилинде ордодо чоң саясий оюндар, талаш-тартыштар, такты үчүн күрөш күч алганда бийликтен четтетилген Бек эшен Ордо калаадан кетип Намангандын Үч-Тал деген жерине келет (Чустка жакын) [14]. Ошол жерде ак селде, ак чепкен кийген бир аксакал Кыбланы карап намаз окуп отурган болот. Ал да анын жанына олтуруп намаз окуйт. Аксакал салам бергенден кийин Бек эшенге карап: «Келиңиз, ботом», – деп кайрылат. Ал өз кезегинде келдик деп, ордунан туруп, кулдук кылганда, жок олтура бериң дейт аксакал. Ошол жерде экөө ыйлашып, сухбатташ болуп, жанындагы булактан суу ичишет. Анан аксакал Бек эшенге кайрылып: “Сиз ушул жерден Бабаш-Ата тоосуна чыгасыз дейт. Бек эшен Үч-Коргонго келгенде Молдо Басар Акун деген чоң дамлага, олуяга жолугат. Ал да Бек эшенди өз жолунан тосуп чыгып, курсагын тойгозуп, жардам берип, бата кылат. Андан ары Бек эшен Арсланбап Атага карай жол тартып, Бабаш-Ата тоосундагы “Кайып-Үңкүрүнө” (азыр “Эшен-Үңкүр” деп аталат) чыгып кетет. Ошол жерге барып, эски тонун кийин жети жыл зикрде олтурган. Жети жыл элден оолак болуп, зикр чалып, баралына жеткенде белги болгон (аян), андан соң “Кайып-Үңкүрүнөн, Арстанбаптан чыгып “Энеш-Колот” деген жерге келип, бир деп алып, анан Үч-Коргонго түшкөн. Үч-Коргондо Молдо Басар Акун олуя аны 400 адамы менен Нарын дарыясынын берки өйүзүндө күтүп турган болот. Бек эшен өзү менен кошо 400 кийикти айдап келген болот. Молдо Басар Акун ага кайрылып: “Бизге бере турган белегиңиз кана дейт? Ошондо Бек эшен бир кийикти алдыга өт дейт. Кийик алдыга өтүп, кыбланы карап, жатып калат. Аны эч ким соё албай коёт. Анда Молдо Басар Акун: “Буга өзүңүздөн башкасынын бычагы өтпөйт экен дейт”. Ошондо Бек эшен өзү көтөрүп жүргөн бычагы менен кийикти мойнунан бир тартып эле мууздап берет. Чогулган адамдар кийиктин терисин да бөлүп кетишет.

Таир максымдын айтымында, алардын ата-бабалары азыркы Өзбекстандын Анжиян облусунун Коргон-Төбө районунун Дардак айылынан болушкан. Азыр ал айыл Бек эшендин уулунун атынан Эшен-Абад деп аталат [14].

Бек эшендин урпагы болгон Абдрахман эшендин үч бир тууганы болгон. Алардын урпактары азыркы күндө Базар-коргон районунун Шыдыр, Коткор, Кызыл-Октябрь, Сейиказы, Беш-Бадам, Каба айылдарында жашашат. Мисалы, Имидин максым кенеш мезгилинде Кызыл-Октябрь айылында жашап, имамдык кылган. Ал эми анын баласы Идрис максым да эки айылдын (1-Май айы лынын да) молдосу болгон. Ал шариат, тарикат илимдерин атасы Имидин максымдан үйрөнөт. Анын улуу уулу Росиддин (Рашиддин) максым азыркы тапта Кызыл-Октябрь айылынын имамы кызматын аркалап келет [14].

Абдрахман эшендин иниси Саийит Акмад эшенден: Сатыш, Калдар, Алижан деген уулдары болгон. Сражиддин эшенден – Имидин Максым, андан Ыдырыс максым калган. Аларда сакталып калган санжыралар, иршаддар бийликтин катуу көзөмөлү учурунда жок кылынган. Маалыматтарга караганда иршад кагаздары акыркы мезгилге чейин максымдардын энесинин колунда болгон. Бирок, кийин кандай шартта жоголону белгисиз. Таир максымдын айтымында анын ата-бабаларынын санжырасы азырга чейин сакталып турат, анын түпкү нускасын Өзбекстандын Якатут деген жеринен (Асака шаарынын жанында) Зулпубек эшендин кызынан алынган (Абдрахман эшендин санжырасы, иршады).

Абдрахман эшен 1934-ж. дүйнөдөдөн өткөн. Анын муриддери өтө көп болгон. Коңшу аймактарды эске албаганда, Асака, Маргылаң, Анжиян, Фаргана ж.б. ири шаарлардан да муриддер келип, каттап турушкан [14].

Жыйынтыктап айтканда, эшендер Борбордук Азиядагы ислам дининин, айрыкча суфий тарикаттарынын тарыхы жана руханий турмушу менен тыгыз байланышкан диний институт болуп эсептелет. Эшендер тарикаттардын руханий жетекчилери катары муриддерди тарбиялоо, диний билим берүү жана коомдун руханий жашоосун багыттоо сыяктуу маанилүү милдеттерди аткарышкан. Алар шарият жана тасаввуф илимдерин терең өздөштүргөн, руханий жактан жетилген камил-инсандар болушкан.

Тарыхый булактарга караганда эшен даражасы алгач тарикаттардын көрүнүктүү өкүлдөрүнө карата колдонулган. Кийин-

черээк Борбордук Азия аймагында бир нече сопулук тарикаттар калыптанып, тасаввуф окуусу андан ары өнүгүп, муриддерди руханий жактан тарбиялоо усулдары иштелип чыккан. Бул жараянда Кожа Юсуф Хамаданий, Кожа Абдул Холик Гиждувоний, Бахауддин Накшбанди ж.б. тасаввуф аалымдардын, муршиддердин ишмердүүлүгү чоң таасир тийгизген. Эшендик даража мурас катары бериле баштаганы менен, негизинен ал тарикат жолунда илим жана руханий тарбия аркылуу жетишилген макам катары каралган. Тагыраак айтканда, муриддер терең илимге, жогорку олуялык сыпаттарга ээ болгон шартта гана эшендик даражаны алууга иршад берилген.

XIX–XX кк. колониялык бийликтин, кийинчерээк кеңеш өкмөтүнүн каттал саясатынан улам эшендердин, тарикаттардын коомдогу таасири алсырай баштаган. Бирок, ашыган атеисттик саясатка карабай жалпы Түркстан аймагында тарикаттар өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп (жашыруун болсо да), эшендер кылымдар бою сакталган руханий мурастарыды кийинки муунга жеткиришкен.

Эшендер Түркстан аймагында ислам дининин жайылтууга, сопучулуктун (тарикаттардын) өнүгүшүн зор салым кошушкан. Бул кубулушту иликтөө аркылуу аймактагы диний кырдаалды, руханий абалын терең аңдап билүүгө шарт түзүлөт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абашин С.Н. Суфизм в Средней Азии: https://cyberleninka.ru/article/n/sufizm-v-sredney-azii-tochka-zreniya-etnografa-sufizm-v-tsentralnoy-azii-zarubezhnye-issledovaniya-sbornik-statey-pamyati-frittsa-mayera.pdf .1912-1998.pd.
2. Ахмет Ясауи. Диуани хикмет. Алматы: Жазушы, 1993.
3. Абазов Р. История Центральной Азии. Алматы: Дайк-Пресс, 2007.
4. Бабаджанов Б., Муминов А. Суфизм в Центральной Азии: история и современность. – Ташкент: Фан, 2001.
5. Бабаджанов Б. М. Суфийские братства в Средней Азии. Ташкент: Фан, 1999.
6. Бартольд В. В. Сочинения. Т. 2. Работы по истории ислама и арабского халифата. Москва: Наука, 1963.
7. Басилов В.Н. Культ святых в исламе. М., 1970.
8. Бенигсен А. Мусульмане в СССР. М., 1991.
9. Домусульманские верования и обряды в Средней Азии. М., 1974.
10. Ислам на территории бывшей Российской империи. Энциклопедический словарь. М., 1998.
11. Калонов К.»Аслинг-наслинг» // «Джаннатмакон». 2007. Ноябрь.
12. Кныш А. Исламский мистицизм: краткая история суфизма. Москва, 2004.
13. Подвижники ислама. Культ святых и суфизм с Средней Азии и на Кавказе. М., 2003.
14. Тримингэм Дж.С. Суфийские ордены в исламе. М., 2002.
15. Талаа материалдары. 2025. Август.
16. Хисматулин А.А. Суфизм. СПб., 1999.